КЫТАЙ ТИЛИН ОКУТУУЧУ №95 МЕКТЕП-ГИМНАЗИЯСЫ

2022- 2023-окуу жылынын базистик окуу планына мектеп компонентин , тандоо боюнча предметин киргизүү боюнча кызыктар тарапты сурамжылоонун жыйынтыгы

Сурамжылоого катышкан жалпы ата-энелердин жана окуучулардын саны

	2020-2021 -окуу жылы	2021-2022 -окуу жылы	2022-2023-окуу жылы
Ата-энелер	996	817	1011
Окуучулар	1056	1060	1201
Жалпы	2052	1877	2212

2022-2023-окуу жылынын 2-жарым жылдыгы үчүн сурамжылоонун жыйынтыгы



Жыл сайын июнь-август айларында окуучулар жана ата-энелерден окуу жылынын базистик окуу планына мектеп компонентине киргизүү үчүн предметтерин тандоо максатында биринчи кезекте кызыктар тараптарды сурамжылоо иштери жүргүзүлөт. Сурамжылоого 5-11-класстарынын ата-энелери жана окуучулары катышат. Ар бир класс, параллелдер адегенде өзүнчө анализделип, андан соң бардык жыйынтыктар топтолуп мониторинг жасалат. Жыйынтыгы мектептин педагогикалык кеңешмесинде каралып, чечим чыгарылат.

2022-2023-окуу жылынын 2-жарым жылдыгы үчүн базистик окуу планы кайрадан түзүлдү. Себеби 2022-жылдын 14-ноябрынан мектеп –гимназиянын Уставы кайрадан жаңыртылып, аны менен бирге мектептин аталышы да өзгөртүлдү. Эски аталышы – «№95 окуу-тарбия комплекси-метеп –гимназиясы», жаңы аталышы- «Кытай тилин окутуучу №95 мектеп-гимназиясы». Ошол себептен мектеп-гимназиянын базистик окуу планы 2022-2023-окуу жылдынын 2-жылдыгы үчүн кайрадан түзүлүп, бекитилди. Эски Уставдын негизинде мектеп-гимназиясынын окуу планына табигый циклдеги предметтерди мектеп компонентине киргизүүгө мүмкүн болгон, ал эми жаңы Устав жана мектеп-гимназиянын статусу боюнча мектеп компонентине тереңдетип окутуу үчүн гуманитардык циклдеги предметтерди гана киргизүүгө мүмкүн. Бул жөнүндө ата-энелерге жана окуучуларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, 2-жарым жылдыгынын окуу планына өзгөртүү киргизүү максатында кайрадан сурамжылоо уюштурулду.

2022-2023- окуу жылынын 2-жарым жылдыгы үчүн сурамжылоосунда жогору жакта мониторингде көрүнүп тургандай англис тилин мектептин компонентине киргизүүнү сунуштаган ата-энелердин 39 % жана окуучулардын 41% түзгөн. Ал эми 5-6-7-8-класстарынын ата-энелери жана окуучулары тарых сабагын мектеп компонентине жыл башында кошууну сунуштаган, аны кошумча окуу азыркы учурда маанилүү экендигин сурамжылоодо белгилеп кетишкен жана бул предметти окуу планынын 2-жарым жылдыгына андан ары калтырууну өтүнгөн. 9-10-11-класстарынын ата-энелери жана окуучулары англис тили сабагын тандашкан. Алар бүтүрүүчү класстары үчүн чет тилин жакшы билүү маанилүү экендигин белгилеген. Ал эми калган ата-энелердин 9%, окуучулдардын 8% англис тили , кыргыз тили, биология, химия предметтерин сунуш кылышкан.

Сурамжылоонун жыйынтыгы мектептин педагогикалык кеңешмесинде талкууланып, мектеп-гимназиянын 2022-2023-окуу жылынын 2-жарым жылдыгы үчүн базистик окуу планына төмөнкү предметтерди киргизүү чечим кылынды:

Мектеп компонентине берилген сааттар (ар бир класста 1 сааттан): 5,6,7,8-класстарына тарых сабагына берилсин;

9, 10, 11-класстарында мектеп компонентине берилген сааттар (ар бир класска 1 сааттан) –англис тили сабагына берилсин;

Тандоо боюнча предметине берилген сааттар, мектептин багытын аныктоочу предмети-кытай тилине берилип, 1-жарым жылдыгы үчүн базистик окуу планында берилген жүктөмдө калтырылды:

5-класстарына- 1 сааттан, 7-класстарына- 1 сааттан, 8-класстарына -3 сааттан, 9-класстарына- 2 сааттан, 10-класстарына -4 сааттан, 11-класстарына -3 саттан бардык гимназиялар үчүн берилген тандоо боюнча берилген сааттары кытай тилине берилсин. Калган кытай тили боюнча сааттар ийрим жүктөмү аркылуу айрым класстарга кошумчалансын.

Аткарган ОТИ боюнча директордун орун басары Жээнбаева Г.И.